КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

"25" 03 2022-ж № 74 Кызыл-Суу айылы

**Эл депутаттардын Кызыл-Суу айылдык кенешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги 11-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**"Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу жайыт багытындагы жерди насосный стансия курууга багытына өзгөртүү жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы Жер кодексинин 13-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы "Жер тилкелеринин багытын өзгөртүү (трансформациялоо) мыйзамына өзгөрүүлөрдү киргизүү жөнүндө" №3 Мыйзамынын 1-беренесинин жана "Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы "Жер тилкелерин багытын өзгөртүү боюнча (трансформациялоо) жөнүндө" №169 токтомунун негизинде Кызыл-Суу айылдык Кенешинин 28-чакырылышынын 11-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАМ:**

1.Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын №343, контурундагы "Жайыт" багытындагы жер тилкесинен 150 чарчы метр жер тилкесин жайыт багытындагы жерди көп жылдык насосный стансия курууга айыл чарба багынындагы курулуш алдындагы жерге которулуп берилсин.
(карта чиймеси тиркелет)

**2.**Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын №343-контурундагы "Жайыт" багытындагы жер тилкесинен 150 чарчы метр жер тилкесин "Жайыт" багытынан "өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" багытына которуу жагы Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

3.Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы "Жер тилкелерин багытын өзгөртүү боюнча (трансформациялоо) жөнүндө №169-токтомунун негизинде, бекитилген Жобонун негизинде иш кагаздарын даярдап, Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясына өткөрүү жана Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн жер адистерине милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Асаналиевге тапшырылсын.

Айылдык Кенешинин төрайымы: Г.Чыныбаева